# Улуттук банктын ноталары
*(2014-жылдын март айы)*

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




Улуттук банктын ноталары боюнча март айында өткөрүлгөн төрт аукциондо эмиссиянын жарыяланган көлөмү 3,9 млрд. сомду түзгөн, бул өткөн айдагы ушул эле көрсөткүчтөн 17,9 пайызга жогору.

Март айында суроо-талаптын орточо аукциондук[1] көлөмү 16,9 пайызга төмөндөп, 1,7 млрд. сомду түзгөн. Март айында сатуу көлөмүн жүгүртүү мөөнөтү 7 жана 28 күндүк ноталар түзгөн, алардын көпчүлүк бөлүгүн 93,7 пайыз жалпы үлүшү менен үч коммерциялык банк сатып алган. Кароого алынган мезгил ичинде сатуунун орточо аукциондук көлөмү өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырмалуу 3,1 пайызга төмөндөп, 1,7 млрд. сомду түзгөн.

Кароого алынган мезгил ичинде эмитент тарабынан өткөрүлгөн аукциондордун көпчүлүгүндө ноталарга сунуш көлөмү суроо-талап көлөмүнөн арткан, бул Улуттук бантын акча-кредит саясатынын максаттарына ылайык, марттын акыркы декадасында аукцион ичинде 2,7 млрд. сомго жогорулатылгандыганан улам жүргөн.

Улуттук банктын ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү март айында өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырмалуу 2,3 пайыздык пунктка жогорулап, 6,0 пайызды түзгөн.

**2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы**




[1] Бул көрсөткүч ай ичинде суроо-талап/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна пайдаланылат, анткени ай ичинде өткөрүлгөн аукциондордун саны туруксуз чоңдук болуп саналат.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде жүгүртүүдөгү ноталардын көлөмү 3,1 млрд. сом деңгээлде түптөлүү менен 41,1 пайызга төмөндөгөн. Алсак, резидент – юридикалык жактардын портфелинин салыштырма салмагынын 82,5 пайызга чейин (+45,9 пайызга) бир эле учурда жогорулашынын алкагында, Улуттук банктын ноталарына негизги ээлик кылуучулардан болуп саналышкан коммерциялык банктардын үлүшү 45,8 пайыздык пунктка, 17,5 пайызга чейин төмөндөгөн (анын ичинде резидент – финансылык юридикалык жактардын үлүшү 1,3 пайызды түзгөн, ал эми резидент финансылык эмес юридикалык жактардын үлүшү 45,4 пайыздык пунктка, 81,2 пайызга чейин көбөйгөн). Институционалдык инвесторлор, жеке адамдар жана резидент эмес – юридикалык жактар аукциондордо катышкан эмес.

**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сунуунун динамикасы**




**1-таблица. Улуттук банктын ноталарынын аларга ээлик кылуучулар боюнча түзүмү**

*млн.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Резидент юридик. жактар | | Резидент жеке адамдар | | Институт. инвестор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.04.2013 | 3 673,1 | 2 019,8 | 55,0% | 1 653,3 | 45,0% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.05.2013 | 3 143,0 | 2 140,5 | 68,1% | 1 002,5 | 31,9% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.06.2013 | 3 073,0 | 1 811,0 | 58,9% | 1 262,0 | 41,1% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.07.2013 | 3 105,5 | 1 836,0 | 59,1% | 1 269,5 | 40,9% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.08.2013 | 2 680,6 | 960,5 | 35,8% | 1 636,1 | 61,0% | - | 0,0% | 84,0 | 3,1% |
| 01.09.2013 | 2 400,0 | 370,5 | 15,4% | 2 029,5 | 84,6% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.10.2013 | 2 720,0 | 1 098,6 | 40,4% | 1 621,4 | 59,6% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.11.2013 | 2 895,4 | 1 229,5 | 42,5% | 1 665,9 | 57,5% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.12.2013 | 3 959,0 | 2 152,6 | 54,4% | 1 806,4 | 45,6% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.01.2014 | 6 645,0 | 3 892,2 | 58,6% | 2 730,7 | 41,1% | 1,0 | 0,0% | 21,1 | 0,3% |
| 01.02.2014 | 6 240,5 | 4 838,1 | 77,5% | 1 384,9 | 22,2% | - | 0,0% | 17,5 | 0,3% |
| 01.03.2014 | 5 233,1 | 3 310,4 | 63,3% | 1 917,6 | 36,6% | - | 0,0% | 5,0 | 0,1% |
| 01.04.2014 | 3 080,1 | 539,0 | 17,5% | 2 541,1 | 82,5% | - | 0,0% | - | 0,0% |